**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# «АСКЕРГЕ ЧАКЫРУУГА ЧЕЙИНКИ ДАЯРДОО»

## Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринин 10-11-класстары үчүн окуу программасы

**Бишкек – 2023.**

Программа авторлордун тобу тарабынан жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун ченемдик-укуктук негиздерин жаңылоону эске алуу менен жеткире иштелип чыкты.

**Программаны түзүүчүлөр:**
А.Б. Сатаев – запастагы полковник, КББАнын илимий кызматкери;
Б.Д. Джолдошбаев – запастагы полковник, КР Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы штабынын аскерге чакырууга чейинки даярдоо бөлүмүнүн башкы адиси;
Н.А. Акматов – запастагы подполковник, ББжИМдин алдындагы ПККЖжКДБРИнин ага окутуучусу

Программа Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстарынын окуучуларына, ошондой эле баштапкы жана орто кесиптик билим берүүчү уюмдарында окугандарга өтүлүүчү жаштарды аскерге чейинки даярдоонун мазмунун жана талаптардын жыйындысын аныктайт. Ал окуп-үйрөнүүчүлөргө колдонмо, дене тарбиялык жана ок атуу даярдыгына, турмуш-тирчилик коопсуздугун камсыз кылууга, жарандык коргонуу, аскердик иштин жана аскердик кызматтын негиздерине, ошондой эле алгачкы медициналык даярдыкка байланыштуу күндөлүк турмушта жана турмуштун ар кандай кырдаалдарында пайда болуучу коркунучтарда эң маанилүү болгон билим, билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 10-11-класстарынын окуучуларын жана баштапкы жана орто кесиптик билим берүүчү уюмдарда аскерге чейинки даярдоо предметинин Программасы. – Бишкек, 2023-ж, - 36 бет.

©“Билим” ББ, КББА, 2023

# ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Бул программа мектептеги билим берүүнүн колдонуудагы Базистик окуу планынын негизинде иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 10-11-класстарынын окуучулары, ошондой эле баштапкы жана орто кесиптик билим берүүчү уюмдарындагы окутуунун 1- жана 2- курстарында өтүлүүчү “Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо” предметинин негизги мазмунун аныктайт. Ал төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ:

***Биринчиден,*** сабактардын мазмуну окуп жаткан жаштарды Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн катарында кызмат өтөөгө даярдоонун өзгөчөлүктөрүн, тынчтык турмуш шартындагы өндүрүмдүү эмгекти, ошондой эле ар кандай коркунучтар пайда болгон шарттарга керектүү даярдыкты камсыз кылууну эске алуу менен аныкталган. Ушуга байланыштуу төмөндөгүлөргө багытталган сабактардын системасы сунуш кылынат:

· окуп жаткан жаштардын булчуң системасын бекемдөөнү эске алган колдонмо дене тарбия даярдыгын, негизги дене тарбиялык сапаттарды өнүктүрүүнү, ар кандай тоскоолдуктарды өтүү жөндөмдөрүн калыптандырууну, ошондой эле кармашып урушуунун элементтерин өздөштүрүүнү камсыз кылууга;

· окуп жаткан жаштардын ок атуучу куралдар жана кол гранаталарынын материалдык бөлүктөрүн өздөштүрүүсүн эске алган керектүү ок атуу даярдыгын, ошондой эле аларды урунуудагы, алардан ок атуудагы жана мүмкүн болуучу ок атууну жүргүзүүдөгү коопсуздук эрежелеринин тиешелүү минимумун өздөштүрүүнү камсыз кылууга;

· окуучуларды авария, катастрофа жана табигый кырсык болгон шартта, ар кандай техногендик, социалдык жана табигый экстремалдык кырдаалдардын шартында өздөрүн кандай алып жүрүү керектигине даярдоочу күндөлүк турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздерин өздөштүрүүгө;

· азыркы замандын массалык зыян келтирүүчү каражаттарынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, коргонуу ыкмаларын жана жеке коргонуу каражаттарын колдонууну үйрөнүүнүн негизинде жарандык коргонуунун талаптарын өздөштүрүүгө. Калкты кабарлоо тартибине жана калктын өзгөчө кырдаалда аракет кылуусуна, көчүрүүнү уюштуруу жана жалпы мектеп боюнча машыгууну уюштуруу маселелерине убакыттын маанилүү бөлүгү бөлүнгөн;

. жалпы аскердик согуштун мүнөздөмөлөрү менен бөлүмчө курамындагы жоокердин согуштагы жана чалгындоодогу аракеттерине мина-жарылуучу тоскоолдуктарды, жергиликтүү аймакта картасыз багыт аныктоону, инженердик жабдууларды орнотууну жана позицияларды

көмүскөлөөнү, душмандын сооттолгон объектилери жана танктары менен күрөшүү жана аскер ишинин негиздерин өздөштүрүүгө;

· Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн жана башка түзүмдөрүнүн курамын жана түрлөрүн, аскердик милдеттүүлүк жана аскердик кызматтын маңызын, аскер кызматчыларынын өз ара мамилелеринин түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн билүүгө багытталган аскердик кызматтын негиздерин өздөштүрүүгө. Аскердик тартип, аскер кызматчыларынын жайгашуусу, ички тиртип жана рота боюнча эшик сакчынын аракеттери маселелерине өзгөчө көнүл бурулат. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Уставынын түшүнүгү калыптандырылат, курал менен жана куралсыз аткарылуучу саптык ыкмаларды үйрөнүшөт.

· күндөлүк турмуш-тиричиликте жана ар кандай коркунучтуу кырдаалдын шарттары пайда болгондо керектүү, алгачкы медициналык даярдыгын камсыз кылууга багытталган медициналык билимдердин негиздерин өздөштүрүшөт.

***Экинчиден,*** 10-11-класстын окуучуларына сунушталып жаткан медициналык билимдердин системасы жана көлөмү окуучулардын жыныстык өзгөчөлүктөрүн, өзгөчө шарттарда жабыр тарткандарга алгачкы медициналык жардамды көргөзүүгө алардын тартылышы мүмкүн болушунун келечегин эске алуу менен аныкталган. Ушуга байланыштуу уландар катастрофалардын очокторунун өзгөчөлүктөрүн, катастрофалардын очокторунда жабыр тарткан калкка токтоосуз медициналык тез жардам кызматын уюштуруунун негиздерин, кырсыктуу окуя жана жаракат (травма) учурунда көрсөтүлүүчү алгачкы медициналык жардамдын негиздерин үйрөнүшөт. Кыздарга радиациялык жабыр тартуу мүнөздөмөсү, ууландыруучу жана күчтүү таасир этүүчү уулуу заттардан, жугуштуу инфекциялык оорулардан жабыр тартуу, алдын алуу чараларын уюштуруу жана алгачкы медициналык жардам көрсөтүү маселелерине байланышкан маанилүү жана көбүрөөк көлөмдөгү билимдер сунуш кылынат. Сабактар жабыр тарткандарды жана бейтаптарды багуу, кароо жана кам көрүү, ошондой эле дарылоо мекемелериндеги процедураларды аткарууну калыптандырууга багытталган.

***Үчүнчүдөн,*** жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча сабактардын системасы теориялык жана практикалык формада, ошондой эле окуу-талаа жыйындарын жана дарылоо мекемелериндеги практиканы колдонууну камтуу менен түзүлгөн. Окуу программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыгы болуп, атайын билимдердин конкреттүү көлөмү жана алар менен байланышкан практикалык билгичтиктер жана көндүмдөр эсептелет. Алар алдын ала, күндөлүк жана жыйынтыктоочу баалоого жатат жана ушуга байланыштуу жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун негизги бөлүмдөрүнүн өздөштүрүлүшүнө карата тиешелүү нормативдик баалоо белгиленген (1-тиркеме).

***Төртүнчүдөн,*** жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо сабактарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча уюштуруу-усулдук көрсөтмөлөр сунуш кылынган жана алар окуучулар арасында*:*

· колдонмо дене тарбиялык, аскерге чакырууга чейинки даярдык жана ден соолугун чыңдоо деңгээлин жогорулатуу максатында өз алдынча дене тарбиялык көнүгүүлөр менен машыгууну камтыган системалуу муктаждыкты;

. окуучулардын моралдык-эрктүүлүк жана мекенчилдик сапаттарын тарбиялоо менен алардын адеп-ахлактык кулк-мүнөзүн калыптандырууну максат кылат.

## Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун бөлүмдөрү боюнча САаТТАРДЫН ТОРЧОСУ

| № | БӨЛҮМДҮН АТАЛЫШЫ | Саатардын жалпы саны | | Жалпы билим берүү | | | | Окуу-талаа жыйындары | Дарылоо мекемесиндеги практика |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 10-класс, окутуунун 1-жылы | | 11-класс, окутуунун 2-жылы | | | |
| | | уландар | кыздар | уландар | кыздар | уландар | кыздар | | |
| | Киришүү сабагы | 1 | 1 | 1 | 1 | - | - | - | - |
| 1 | Жалпы дсне тарбиялык даярдоо | 18 | 6 | 7 | 4 | 7 | 2 | 4 | - |
| 2 | Ок атуу даярдыгы | 29 | 27 | 13 | 13 | 14 | 14 | 2 | - |
| 3 | Адамдын жашоо турмушунун коопсуздугунун негиздери | 7 | 7 | 7 | 7 | - | - | - | - |
| 4 | Жарандык коргонуу | 16 | 14 | 14 | 14 | - | - | 2 | |
| 5 | Аскер ишинин негиздери | 20 | 9 | - | - | 16 | 9 | 4 | - |
| 6 | Аскердик кызматтын негиздери | 23 | 17 | 9 | 9 | 8 | 8 | 6 | |
| 7 | Медициналык билимдердин негиздери | 12 | 42 | 12 | 12 | - | 12 | - | 16 |
| 8 | Комплекстүү сабактар | 10 | 10 | 5 | 5 | 5 | 5 | | |
| | ЖЫЙЫНТЫК: | 136 | 133 | 68 | 65 | 50 | 50 | 18 | 18 |

**Билим берүү жана илим министрлигинин системасында жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону өтпөгөн жаштар үчүн**
**БӨЛҮМДӨР БОЮНЧА СААТТАРДЫН ТОРЧОСУ**

| № | БӨЛҮМДҮН АТАЛЫШЫ | Лицей жана колледждер (техникумдар) окуу мөөнөтү: 1 жыл - 1,5 жыл | |
|---|---|---|---|
| | | уландар | кыздар |
| | Киришүү сабагы | 1 | 1 |
| 1 | Жалпы дене тарбиялык даярдоо | 10 | 3 |
| 2 | Ок атуу даярдыгы | 12 | 12 |
| 3 | Адамдын жашоо турмушунун коопсуздугунун негиздери | 7 | 7 |
| 4 | Жарандык коргонуу | 10 | 10 |
| 5 | Аскер ишинин негиздери | 17 | 9 |
| 6 | Аскердик кызматтын негиздери | 17 | 17 |
| 7 | Медициналык билимдердин негиздери | 12 | 27 |
| 8 | Комплекстүү сабактар | 5 | 5 |
| | ЖЫЙЫНТЫК: | 91 | 91 |

# П Р Е Д М Е Т Т И Н  М А З М У Н У

## Киришүү сабагы

**1. Теориялык.** Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо аскер ишинин негиздерине окутуунун (окуу сабагы менен) жана адамдын жашоо турмушунун коопсуздугун камсыздоонун милдеттүү предмети болуп эсептелет, менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан жалпы орто билим берүү программасын, башталгыч жана кесиптик орто билим берүүнүн кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдар тарабынан уюштурулат. "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону уюштуруу жана өткөрүү. Анын азыркы замандын шартындагы мааниси. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун максаты жана мазмуну. Окуучулардын жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо сабактарындагы укуктары жана милдеттери.

### 1-бөлүм. Жалпы дене тарбиялык даярдоо

Темалардын тизмеси жана сааттардын болжол кылынган эсеби

| № | Теманын аталышы | Сааттардын саны уландар | Сааттардын саны кыздар үчүн | Окуу-талаа жыйындары | Бардык сааттар |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Колдонмо дене тарбия даярдыгы | 14 | 6 | | 14 |
| 2 | Тоскоолдуктардан өтүү | 2 | | 2 | 2 |
| 3 | Кармашып урушу | 2 | | 2 | 2 |
| | ЖЫЙЫНТЫК: | 14 | 6 | 4 | 18 |

**№1 тема. Колдонмо дене тарбия даярдыгы**

**1-14-сабактар. Практикалык.** Колдун, көкүрөктүн, буттун булчуңдарын өстүрүүгө багытталган жалпы дене тарбиялык көнүгүүлөрдү аткаруу: жуптарда, шыкалган топ менен, турникте (турникке тартылуу, күч менен чыгуу, айланып чыгуу, буттарды түз жеткизүү); параллель брустарда (колду бүгүп жазуу, күүлөнүү, бурч) жасалуучу көнүгүүлөр, көмкөрөсүнөн жатып колдорду бүгүп жазуу. 10x10го чөлмөктөп чуркоо, 100-400 метрге бийик жана жапыз старттан, 1000, 2000 жана 3000 м ге чуркоо. Спорттук аттан узундукка секирүү. Буттардын жардамы менен бир кол менен гана арканга чыгуу көнүгүүлөрү. Күрөш элементтери менен оюндар, оордуктарды ордунан көтөрүп жылдыруу, 16-24 кг чоюнташтарды көтөрүү. №1 жана №2 эркин көнүгүүлөр комплекстери.

**№2 тема. Тоскоолдуктардан өтүү (окуу-талаа жыйындарында өтүлөт)**

**1-сабак. Практикалык.** Бирдиктүү тоскоолдуктар тилкеси менен таанышуу. Бирдиктүү тоскоолдуктар тилкесинин айрым тоскоолдуктарынан, тоскоолдуктардын бир нечесинен өтүүгө машыгуу.

**2-сабак. Практикалык.** Бирдиктүү тоскоолдуктар тилкесинен өтүүнү өркүндөтүү.

**Тоскоолдуктардан өтүү**
**(окуу-талаа жыйындарын өткөрүүдө иштелип чыгат)**

200 метр аралыктагы бирдиктүү тоскоолдук курсунун сүрөттөлүшү




1 - тилкенин башталыш сызыгы;

2 - узундугу 20 м аралыктагы чуркоо участогу;

3 - үстү жагындагы арык туурасы - 2, 2,5 жана 3 м, тереңдиги - 1 м;

4 - лабиринттин узундугу 6 м, туурасы 2 м, бийиктиги 1,1 м (өтмөктөрдүн саны - 10, өтмөктүн туурасы - 0,5 м);

5 – дубалдын бийиктиги 2 м, калыңдыгы 0,25 м болгон тосмонун узундугу 3,2 м, туурасы 0,25-0,3 м;

6 - бийиктиги 2 м бузулган көпүрө, ал үч бөлүктөн турат (тик бурчтуу устундар 0,2 х 0, 2 м): биринчиси- узундугу 2м, экинчиси - 3,8 м, ийилиши 135 градус (башынан ийилгенге чейинки узундугу - 2,8 м); устундардын сегменттеринин ортосундагы ажырымдар – 1 м, устундун экинчи жана үчүнчү сегменттеринин башында жана тоскоолдуктун аягында үч тепкичтүү тик тепкичтер;

7 - туурасы 2 м болгон бузулган тепкич (тепкичтердин бийиктиги - 0,8, 1,2, 1,5 жана 1,8 м, алардын ортосундагы аралык - 1,2 м, бийик тепкичтин узундугу - 2,3 м, төрт тепкичтүү жантайыңкы тепкич);

8 – тоскоолдук бийиктиги 1,1 м, туурасы 2,6 м жана калыңдыгы 0,4 м, эки тешиги бар (төмөнкү өлчөмү 1х0,4 м жер деңгээлинде жайгашкан, үстүңкү өлчөмү 0,5х0,6 м жерден 0,35 м бийиктикте) жана ага жанаша аянты 1м 2,6м;

9 - кудук жана билдирүүнүн жүрүшү (кудуктун тереңдиги - 1,5 м, үстү жагы менен кесилиши – 1х1 м; кудуктун арткы дубалында тереңдиги 1,1 м, узундугу 8 м, бир ийилиши менен кудукту бириктирген 1х0,5 м өлчөмүндөгү тилик; кудуктан траншеяга чейинки түз сызык боюнча аралык - 6 м);

10 - 1,5 м тереңдиктеги траншея;

11 - чуркоо жолунун туурасы 2 м.

**№3 тема. Кармашып урушуу (окуу-талаа жыйындарында өтүлөт)**

**1-сабак. Практикалык.** Кармашып урушуунун даярдык көнүгүүлөрүн (өздүк таяныч, кармоо ыкмаларынан бошонуу, орун которууларды) аткарууну, бычак менен жогорудан, төмөндөн, капталдан, түз соккулардан коргонуу ыкмаларын жана тапанчасын камдоого аракет кылганда, тапанчаны мандайга такап, алды жактан, арт жактан коркутканда душманды куралсыздандыруу ыкмаларын үйрөнүү жана машыгуу.

**2-сабак. Практикалык.** Кармашып урушуунун өздөштүрүлгөн ыкмаларын аткарууну өркүндөтүүгө карата комплекстүү машыгуулар.

## 2-бөлүм. Курал атуу машыгуусу

Темалардын тизмеси жана сааттардын болжолдуу эсеби

| № | Теманын аталышы | Сааттардын саны уландар үчүн | Сааттардын саны кыздар үчүн | Окуу-талаа жыйындары | Бардык сааттар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Калашников автоматынын (АК), Драгунов көзгө атар мылтыгынын (СВД), Макаров пистолетинин (ПМ), пневматикалык мылтыктын (ПВ) жана кол гранаталардын материалдык бөлүгү | 8 | 8 | - | 8 |
| 2 | АК, ПМди толук эмес бөлүктөргө ажыратуу жана жыйноо | 6 | 6 | - | 6 |
| 3 | Ок атуунун негиздери жана эрежелери | 2 | 2 | - | 2 |
| 4 | Ордунда туруп кыймылсыз буталарга ок атууну жүргүзүү | 11 | 11 | - | 11 |
| 5 | АКдан баштапкы окуп-үйрөнүү ок атуу көнүгүүсүн аткаруу же ПВдан ок атуу | 2 | - | 2 | 2 |
| ЖЫЙЫНТЫК: | | 29 | 27 | 2 | 29 |

**№1 тема. Ок атуучу куралдардын жана кол гранаталардын материалдык бөлүктөрү**

**1-8-сабактар. Практикалык.** Куралдарды жана ок-дарыларды уруна билүүдөгү коопсуздук эрежелери. АК, СВД, ПМ, ПВнын жана кол гранаталардын дайындалышы, күжүрмөн касиеттери, жалпы түзүлүшү, ок атууга даярдоо. Ок атуу учурунда атылбай калуулар, бузулуулар жана аларды четтетүү жолдору.

**№2 тема. АКны, ПМди толук эмес бөлүктөргө ажыратуу жана жыйноо**

**1-2-сабактар. Практикалык.** АКны, ПМди толук эмес бөлүктөргө ажыратуу жана жыйноо тартиби.

**3-6-сабактар. Практикалык.** АКны, ПМди толук эмес бөлүктөргө ажыратуу жана жыйноону аткаруу көндүмдөрүн өркүндөтүү.

**№3 тема. Ок атуунун негиздери жана эрежелери**

**1-сабак. Теориялык.** Атылыш кубулушу жана анын мезгилдери. Октун баштапкы ылдамдыгы жана анын ок атууга болгон таасири. Куралдын артка тебүүсү жана октун учуп чыгуу бурчу. Траекториянын пайда болуусу. Түз атылыш, далдоо, таамай тийүү, ок тийбес мейкиндиктер жана алардын практикалык мааниси.

**2-сабак. Теориялык.** Ок атуунун таамайлыгы. Бутаны тандоо. Ордунда туруп кыймылсыз буталарга ок атууда мээлегичти жана мээлөө чекитин тандоо. Ок атууну түздөө. Буталарга чейинки аралыкты бурчтук чондуктардын жардамы менен аныктоо.

**№4 тема. Ордунда туруп кыймылсыз буталарга ок атуу**

**1-сабак. Практикалык.** Сабактардагы коопсуздук эрежелери. Жатып алып атууга камдануу, ок атуунун ыкмалары жана эрежелери, пневматикалык мылтыктан ок атуунун шарттарын үйрөнүү.

**2,4,6,8-сабактар. Практикалык.** Пневматикалык мылтыктан ок атуунун 1.2.3.4-көнүгүүлөрүн аткаруу.

**3,5,7,9-сабактар. Практикалык.** Пневматикалык мылтыктан ок атууну текшерүүнүн 1.2.3.4-көнүгүүлөрүн аткаруу.

**10-11 сабактар. Практикалык.** Ок атуу мелдеши (нормативдик атуу). Ок атууга тез камданууга машыгуу жана ок атууну жүргүзүү тактикасы.

**№5 тема. Калашников автоматынан баштапкы ок атууга үйрөнүү көнүгүүсүн аткаруу (аскердик бөлүктөрдүн базасында окуу-талаа жыйындарында өтүлөт) же пневматикалык мылтыктан ок атуу (билим берүүчү уюмдардын базасында окуу-талаа жыйындарында өтүлөт).**

**1-2-сабактар. Практикалык.** Калашников автоматынан ок атуу көнүгүүлөрү (аскердик бөлүктөрдүн базасында окуу-талаа жыйындарында өтүлөт).

Бута — 0,75х0,75 тактадагы айлана сызыктары бар көкүрөк фигурасы (№4 бута), кыймылсыз, такта жердин бетинин деңгээлинде (жылчыксыз) орнотулат. Бутага чейинки аралык - 100 м. Күжүрмөн октордун саны — 3 даана. Ок атууга берилген убакыт чектелбейт. Ок атуу абалы: жатып алып таянычтан.

Баалоо - бутага тийгизе атып жана төмөнкү упайларды топтоо:

- “эң жакшы” - 25 упай;
- “жакшы” — 20 упай;
- “канааттандырарлык” - 15 упай.

Пневматикалык мылтыктан ок атуу көнүгүүлөрү (билим берүүчү уюмдардын базасында окуу-талаа жыйындарында өтүлөт).

Бута — сызыктары бар көкүрөк фигурасы (№7а бута). Бутага чейинки аралык – 5 (10)м. октордун саны — 3 даана. Ок атууга берилген убакыт чектелбейт. Ок атуу абалы: жатып алып таянычтан.

Баалоо - бутага тийгизе атып жана төмөнкү упайларды топтоо:

“эң жакшы” - 20 упай;

“жакшы” — 16 упай;

“канааттандырарлык” - 12 упай.

## 3-бөлүм. Жашоо коопсуздугунун негиздери

Темалардын тизмеси жана сааттардын болжолдуу эсеби

| № | Теманын аталышы | Сааттардын саны уландар үчүн | Сааттардын саны кыздар үчүн | Бардык сааттар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Тынчтык убакта өзгөчө кырдаалдардын мүнөздөмөлөрү. Окуучуларды авариялардын, катастрофалардын, табигый кырсыктардын натыйжаларынан коргоо | 3 | 3 | 3 |
| 2 | Табигый, социалдык жана техногендик мүнөздөгү экстремалдык кырдаалдар | 4 | 4 | 4 |
| | ЖЫЙЫНТЫК: | 7 | 7 | 7 |

### №1 тема. Тынчтык убактагы өзгөчө кырдаалдардын мүнөздөмөлөрү.
### Окуучуларды авариялардын, катастрофалардын, табигый кырсыктардын натыйжаларынан коргоо

**1-сабак. Теориялык.** Тынчтык убактагы өзгөчө кырдаалдар. Өзгөчө кырдаалдардын аныктамалары, пайда болуу себептери, классификациясы. Авариялар жана катастрофалар. Адам жана жаныбарлардын жабыр тартуусунун мүнөзү, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн, азыктык чийки

заттардын, азык-түлүктөрдүн радионуклиддер менен булгануусу. Химиялык зат менен булганган зонанын өлчөмдөрү, анын күчтүү таасир этүүчү уулуу заттардын түрүнөн, метеошарттардан жана жергиликтүү аймактан көз карандылыгы.

**2-сабак. Теориялык.** Бул региондо мүмкүн болуучу табигый кырсыктын мүнөздөмөсү, анын калкка жана чарбага тийгизүүчү кесепеттери. Жер титирөө, суу ташкыны, ураган, жер көчкү, кар көчкү, сел агымдары, өрттөр ж. б. табигый кырсыктардын натыйжасында пайда болуучу жабыр тартуу очокторунун мүнөздөмөсү. Баштапкы жана экинчи жолку жабыр тарттыруу факторлор.

**3-сабак. Теориялык.** Калкты коргоонун негизги принциптери жана ыкмалары. Радиоактивдүү булгануудан (жугуштан), химиялык уулуу жергиликтүү аймакта калкты коргоо ыкмалары, алардын кыскача мүнөздөмөлөрү. Суу каптаган зоналарда калкты коргоо. Өрттөр менен күрөшүү.

Калкты коргоо боюнча иженердик иш-чаралар. Коопсуз жерге көчүрүү иш-чараларынын мааниси. Калкка жеке коргонуу каражаттарын таратып берүү жана аларды сактоо тартиби. Тынчтык мезгилде калкты жеке коргонуу каражаттары менен камсыздоону уюштуруу.

## №2 тема. Табигый, социалдык жана техногендик мүнөздөгү экстремалдык кырдаалдар

**1-сабак. Теориялык.** Табигый, авариялык, социалдык жана техногендик мүнөздөгү экстремалдык кырдаалдар, алардын түрлөрү. Коопсуздукту камсыз кылуунун (милиция, өрттөн коргоо, тез жардам ж. б.) мамлекеттик жана муниципалдык системасы жана алардын мүмкүнчүлүктөрү.

2-**сабак. Теориялык.** Адамдын жаратылыш чөйрөсүндөгү тиричилиги. Аргасыздан климатографиялык шарттарды алмаштыруу. Жаратылыштагы экологиялык тең салмактуулукту бузууга байланышкан кырдаалдар. “Суук- жылуу” алмашуусу жана тескерисинчеси. Сырткы факторлордун организмге таасиринин сааттык тилкелери. Коргоочу кийимдерди тандоо жана экипировка. Тамактануу режими жана суу ичүү режими.

3-**сабак. Теориялык.** Мүмкүн болуучу экстремалдык кырдаалдар (суу каптоо, өрт, урап калуу). Турак үйдөгү өрт. Өрттүн келип чыгышынын мүмкүн болуучу себептери (электр тармактарындагы кемчиликтер, телевизордун тутануусу, газдын чыгуусу). Курулуштардын өзгөчөлүктөрү. Өрт учурунда өзүн алып жүрүү эрежелери. Көп кабат үйдөн эвакуациялоонун жолдору. Өрт өчүрүү каражаттары жана аларды колдонуу. Азыркы замандагы турак жайдын өзгөчөлүктөрү. Электр жана газ менен камсыздоо. Өрттү өчүрүүнүн колдо бар каражаттары (суу, кум ж.б.), өрт өчүргүчтөр (огнетушители) жана алардын типтери. Өрт

өчүргүчтөрдүн иштөө принциби. Ар кандай типтеги өрт өчүргүчтөрдү колдонуунун өзгөчөлүктөрү.

**4-сабак. Теориялык.** Кайтаруу сигнализациясы. Маалыматтык коопсуздук. Үй мүлкүн камсыздандыруу. Жогорку криминалдык коркунучтагы зоналар (бекеттер, парктар, адамдар көп топтолгон башка жайлар). Обочолонгон жерде өзүн алып жүрүү: кичине тар көчөлөр, жер астынан өтмө жолдор, такси жана башкалар. Экстремалдык кырдаалдарды божомолдоо. Өзүн өзү коргоо жана анын чеги. Инсандын укуктарын юридикалык жактан коргоо. Чагымчылдык менен куралды колдонууга байланышкан кырдаалдар. Унаа каражаттарын тартып алуу жана айдап качуу. Террористтер менен болгон контакт учурунда жана аларды жок кылуу боюнча операцияларды жүргүзүү процессинде өзүн алып жүрүү эрежелери.

## 4-бөлүм. Жарандык коргонуу

Темалардын тизмеси жана сааттардын болжолдуу эсеби

| № | Теманын аталышы | Сааттардын саны уландар үчүн | Сааттардын саны кыздар үчүн | Окуу-талаа жыйындары | Бардык сааттар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жарандык коргонуу - жалпы мамлекеттик иш-чаралар системасынын курамдык бөлүгү | 1 | 1 | - | 1 |
| 2 | Азыркы замандын зыян келтирүүчү каражаттары | 3 | 3 | - | 3 |
| 3 | Коргоочу курулуш-имараттары | 1 | 1 | - | 1 |
| 4 | Жеке коргонуу каражаттары | 6 | 4 | 2 | 6 |
| 5 | Өзгөчө кырдаалдарды калкка кабарлоо жана алардын аракет кылуу тартиби. | 2 | 2 | - | 2 |
| 6 | Калкты эвакуациялоо | 1 | 1 | - | 1 |
| 7 | Жалпы мектептин машыгуу планы боюнча практикалык сабактар | 2 | 2 | - | 2 |
| | ЖЫЙЫНТЫК: | 16 | 14 | 2 | 16 |

### №1 тема. Жарандык коргонуу — жалпы мамлекеттик иш-чаралар системасынын курамдык бөлүгү.

**1-сабак. Теориялык.** Жарандык коргонуунун максаттары жана милдеттери. Билим берүү уюмунун жарандык коргоосун уюштуруу, анын дайындалышы жана жабдылышы.

### №2 тема. Азыркы замандын зыян келтирүүчү каражаттары

**1-сабак. Теориялык.** Ядролук курал. Ядролук жарылуунун зыян келтирүүчү факторлорунун кыскача мүнөздөмөсү. Нейтрондук ок-дарылардын зыян келтирүүчү аракеттеринин өзгөчөлүктөрү. Ядролук зыян

келтирүүнүн очогу. Зыян келтирүүчү факторлордон коргонуунун ыкмалары.

**2-сабак. Теориялык.** Химиялык курал. Бинардык химиялык ок-дарылар. Уландыруучу заттардан коргонуунун ыкмалары. Бактериологиялык курал. Карантин жана обсервация жөнүндө түшүнүк.

**3-сабак. Теориялык.** Азыркы замандын зыян келтирүүчү кадимки каражаттары. Бытыранды, шариктүү, фугастык ок-дарылар, күйгүзмө каражаттар. Калкты коргоо. Өрткө каршы алдын алуу иш-чаралары.

**№3 тема. Коргоочу курулуш-имараттары**

**1-сабак. Теориялык.** Коргоочу курулуш-имараттары (жашырынуучу жайлар) жана аларга коюлуучу талаптар. Жер төлөө жана башка тереңдетилген имараттарды калкты коргоого ылайыктоо. Тез курулуучу коргоочу курулуш-имараттары. Жайгашуу жана жүрүм-турум эрежелери. Тиричиликти камсыз кылуу системалары.

**№4 тема. Жеке коргонуу каражаттары жана жалпы аскердик коргоочу комплект**
**(5-6-сабактар окуу-талаа жыйындарында өтүлөт)**

**1-сабак. Практикалык.** Чыпкалоочу противогаздар (газга каршы бет каптар). Противогаздын дайындалышы жана түзүлүшү. Иштен чыккан противогазды колдонуу.

Респираторлор. Респиратордун дайындалышы, түзүлүшү жана колдонуу эрежелери.

ПТМ-1 чаңга каршы кездеме маскасы, кебез-марли байлангыч. Кебез-марли байлангычты даярдоо жана аны колдонуу.

**2-сабак. Практикалык**. Терини коргоочу каражаттар. Жалпы аскердик коргоочу комплектин дайындалышы, жалпы түзүлүшү.

**3-4-сабактар. Практикалык.** Жалпы аскердик коргоочу комплектини, дем алуу органдарын коргоочу жеке коргонуу каражаттарын, противогаздарды, респираторду, чаңга каршы кездеме маскасын, кебез-марли байлангычты колдонуу боюнча нормативдерди аткаруу.

**5-6-сабактар. Практикалык.** Жеке коргонуу каражаттарын жана жалпы аскердик коргоочу комплекти колдонуу боюнча нормативдерди аткаруу.

**№5 тема. Өзгөчө кырдаалдарды калкка кабарлоо жана алардын аракет кылуу тартиби.**

**1-сабак. Теориялык.** “Баарыңар КӨҢҮЛ БУРГУЛА!” эскертүүчү белгисин сиреналарды, өндүрүштүк гудокторду жана башка белги берүү каражаттарды иштетүү менен калкка жеткирүү. Душмандын кол салуу коркунучу пайда болгон, табигый кырсык, авария жана катастрофа коркунучу туулганда же пайда болгон учурларда калкты кабарлоонун негизги ыкмасы - радио жана телекөрсөтүү тармактары аркылуу сөз менен

маалымат берүү. Калктын табигый кырсык, авария жана катастрофа пайда болгондо же душмандын кол салуу коркунучу туулганда аракет кылуусу.

**2-сабак. Теориялык.** Калктын радиоактивдүү булганган жана бактериологиялык (биологиялык) жабыр тартуу очогундагы аракет кылуусу. Чоң адамдарды жана балдарды радиациялык коргоонун типтүү режимдери.

### №6 тема. Калкты коопсуз жерге көчүрүү

**1-сабак. Теориялык.** Коопсуз жерге көчүрүүнү уюштуруу жана жүргүзүү.

Коопсуз жерге көчүрүү комиссиясынын, коопсуз жерге көчүрүүчү жыйын пункттарынын, коопсуз жерге көчүрүү пункттарын жайгаштыруу жана түшүрүү станцияларынын дайындалышы жана иштери, унааларды колдонуу. Калктын коопсуз жерге көчүрүү маалындагы милдеттери жана жүрүм-турум эрежелери.

### №7 тема. Жалпы мектептин машыгуу планы боюнча практикалык сабактар

**1-2-сабак. Практикалык.** Билим берүү уюмунун мерчемине ылайык окуучуларды тынчтык мезгилдеги өзгөчө кырдаалдардын кесепеттеринен коргоонун жолдорун иштеп чыгуу. Планда каралган тынчтык мезгилдеги өзгөчө кырдаалдын натыйжаларынан окуучуларды коргоонун Тынчтык мезгилинде окуучуларды өзгөчө кырдаалдардын кесепеттеринен коргоонун планда каралган бир варианты боюнча иш жүргүзүлөт.

## 5-бөлүм. Аскердик иштердин негиздери

Темалардын тизмеси жана сааттардын болжолдуу эсеби

| к/б № | Теманын аталышы | Саатtардын саны уландар үчүн | Сааттардын саны кыздар үчүн | Окуу-талаа жыйындары | Бардык сааттар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы аскердик согуштун негиздери | 3 | 1 | - | 3 |
| 2 | Жоокердин бөлүмчө курамында согуштагы жана чалгындоодогу аракеттери | 7 | - | 2 | 7 |
| 3 | Миналуу-жарылуучу тосмолор | 2 | 1 | 1 | 2 |
| 4 | Жергиликтүү аймакта картасыз багыт аныктоо (ориентирование) | 4 | 4 | - | 4 |
| 5 | Позицияларды (турумдарды) инженердик жактан жабдуу жана көмүскөлөө (маскировка) | 1 | - | 1 | 1 |
| 6 | Душмандын танктары жана соттолгон (бронированный) объекттери менен күрөшүү | 3 | 3 | - | 3 |
| | ЖЫИЫНТЫК: | 20 | 9 | 4 | 20 |

**1-тема. Жалпы аскердик уруштун негиздери**

**1-сабак. Теориялык.** Уруш жөнүндө түшүнүк. Азыркы замандагы уруштун мүнөздөмөлөрү, анын максаты. Уруштун түрлөрү. Жоокердин уруштагы милдеттери. Жоокердин жеке куралы жана экипировка.

**2-сабак. Теориялык.** Мотоаткычтар бөлүмчөсүнүн уюштурулушу, анын курал-жарагы жана алар менен чечилүүчү күжүрмөн тапшырмалар. Ок атуучу курал-жарактардын, танктардын, согуш машина жана артиллериянын согуш мүмкүнчүлүктөрү.

**3-сабак. Теориялык.** Ок атуу жана анын уруштагы мааниси. Ок атуунун түрлөрү. Уруштагы манёвр жөнүндө түшүнүк. Манёврдун түрлөрү.

**№2 тема. Жоокердин бөлүмчө курамында уруштагы жана чалгындоодогу аракеттери**
**(6-7-сабактар окуу-талаа жыйындарында өтүлөт)**

**1-сабак. Практикалык.** Коргонуудагы ок атуу позициясы жөнүндө түшүнүк. Аны тандоо, ээлөө, жабдуу жана маскировкалоо.

**2-3-сабактар. Практикалык.** Урушта орун которуу ыкмаларын аткаруу. Ылдам кадамдап бара жатып ок атуу тартиби. Мина-жарылуучу тосмолор аркылуу бөлүмчө курамында өтүү.

**4-5-сабактар. Практикалык.** Чалгындоо жүргүзүү ыкмалары. Байкоочу жана анын милдеттери. Жергиликтүү аймакты иликтөө, берилген сектордо душманды аныктоо, байкоо жүргүзүү жана аныкталган буталар жөнүндө билдирүүнүн ыкмалары. Буталарга чейинки аралыктарды бурчтук чоңдуктардын жардамы менен аныктоо.

**6-7-сабактар. Практикалык.** Урушта жана чалгында бөлүмчө курамында аракет кылуу ыкмаларын үйрөнүү.

**№3 тема. Мина-жарылуучу тосмолор**
**(2-сабак окуу-талаа жыйындарында өтүлөт)**

**1-сабак. Практикалык.** Негизги танкка жана жөө аскерлерге каршы миналар, алардын техникалык мүнөздөмөлөрү. Жалпы түзүлүшү жана иштөө принциби.

**2-сабак. Практикалык.** Танкка каршы жана жөө аскерлерге каршы миналарды орнотуу тартиби.

**№4 тема. Жергиликтүү аймакта картасыз багыт аныктоо**

**1-сабак. Практикалык.** Багыт аныктоонун маңызы.
Компас, кол саат, күн жана жергиликтүү нерселер боюнча горизонттун тараптарын аныктоо.

**2-сабак. Практикалык.** Магниттик азимут жана аны аныктоо. Жергиликтүү нерселерге карата азимутту аныктоо жана магниттик азимут боюнча багыттар.

**3-4-сабактар. Практикалык.** Магниттик азимут боюнча орун которуп жүрүү тартиби, тоскоолдуктарды айланып өтүү. Магниттик азимут боюнча орун которуп жүрүүнү айкалыштыруу менен кол салуу объектилерин издөө жана басып алуу.

**№5 тема. Турумдарды инженердик жактан жабдуу жана көмүскөлөө**
**(окуу-талаа жыйындарында өтүлөт)**

**1-сабак. Практикалык.** Автоматчыга, гранатометчуга, пулеметчуга окопту жабдуунун тартиби. Бөлүмдөгү атайын орунду жабдуунун өзгөчөлүктөрү.

**№6 тема. Душмандын танкттары жана соottолгон объекттери менен күрөшүү (талылуу жерлери)**

**1-сабак. Теориялык.** Душмандын танктарынын жана соottолгон унааларынын тактика-техникалык мүнөздөмөлөрү жана алардын талылуу жерлери. БТР (БМП) менен куралданган бөлүмчөнүн душмандын танкттарын жана соottолгон унааларын жок кылуу боюнча күжүрмөн мүмкүнчүлүктөрү.

**2-сабак. Практикалык.** Танкка каршы гранатаны кыймылсыз бутага ыргытуу.

Бута - окоптогу танк (№12б бута). Бет маңдайы боюнча 3,5 м, тереңдиги 7 м габаритке төрт чарчы аянтча орнотулат. Габарит тереңдиги боюнча үч бөлүккө бөлүнөт: борбордогусу - тереңдиги 2,5 м, жакынкы жана алыскысы - тереңдиги 2,25 м ден.

Бутага чейинки аралык – 15-20 м. Гранаталардын саны: 1 танкага каршы гранатадай сомдолгон темир. Ыргытуу үчүн абал: окоптон тикесинен туруп.

Баалоо: “эң жакшы” - габариттин борбордук бөлүгүнө тийгизгени үчүн; “жакшы” - габариттин алыскы бөлүгүнө тийгизгени үчүн; “канааттандырарлык” - габариттин жакынкы бөлүгүнө тийгизгени үчүн.

**3 сабак. Практикалык.** Ордунан туруп бытырандуу кол гранатаны ыргытуу.

Бута - чабуулдагы үч аткыч - белгиленген ачык жерде бет мандайы 10 м, тереңдиги 5 м болгон габаритте орнотулган адам боюндай фигуралар (№8 бута). Габарит тереңдиги боюнча үч бөлүккө бөлүнөт: борбордогусу - тереңдиги 1 м, жакынкы жана алыскысы — тереңдиги 2 м ден. Буталар: экөө - борбордук бөлүктүн каптал четтерине жана бирөө - алыскы бөлүктүн ортосуна орнотулат.

Бутага чейинки аралык - 25 м. Гранаталардын саны: 1 гранатадай сомдолгон темир.

Ыргытуу үчүн абал: окоптун тепкичинен тикесинен туруп.

Баалоо: “эң жакшы” - габариттин борбордук бөлүгүнө тийгизгени үчүн; “жакшы” - габариттин алыскы бөлүгүнө тийгизгени үчүн; “канааттандырарлык” - габариттин жакынкы бөлүгүнө тийгизгени үчүн.

## 6-бөлүм. Аскердик кызматтын негиздери

Темалардын тизмеси жана сааттардын болжолдуу эсеби

| № | Теманын аталышы | Сааттардын саны уландар үчүн | Сааттардын саны кыздар үчүн | Окуу-талаа жыйындары | Бардык сааттар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн жана башка аскердик түзүмдөрүнүн курамы жана түрлөрү | 2 | 2 | - | 2 |
| 2 | Аскердик милдеттүүлүк. Аскердик кызмат. | 2 | 2 | - | 2 |
| 3 | Аскер кызматчылар жана алардын ортосундагы өз ара мамилелер. Аскердик тартип. | 3 | 3 | - | 3 |
| 4 | Рота боюнча эшик сакчынын аракети | 2 | | 2 | 2 |
| 5 | Куралсыз жана курал менен саптык ыкмалар жана кыймылдар | 14 | 10 | 4 | 14 |
| | ЖЫЙЫНТЫК: | 23 | 17 | 6 | 23 |

### №1 тема. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн жана башка аскердик түзүмдөрүнүн курамы жана түрлөрү

**1-сабак. Теориялык.** Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн дайындалышы, курамы жана түрлөрү. Алардын ишмердүүлүгүнүн негизи. Куралдуу Күчтөрдү жетектөө. Аскердик башкаруунун жергиликтүү органдары. Куралдуу Күчтөрүнүн түрлөрүнүн жана башка аскердик түзүмдөрүнүн дайындалышы жана күжүрмөн мүмкүнчүлүктөрү. Аскердик окуу жайларга кабыл алуу эрежелери.

**2-сабак. Теориялык.** Куралдуу Күчтөрдүн күжүрмөн каада-салттары. Аскердик ант, анын Куралдуу Күчтөрүнүн турмушундагы жана ишмердүүлүгүндөгү мааниси. Аскер бөлүгүнүн Күжүрмөн Байрагы - аскердик ар намыстын, каармандыктын жана даңктын символу. Аскердик жамаат, аны түзүүнүн жана биримдүүлүккө келтирүүнүн өзгөчөлүктөрү.

### №2 тема. Аскердик милдеттүүлүк. Аскердик кызмат.

**1-сабак. Теориялык.** Кыргыз Республикасынын Конституциясы, "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө"

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Аскердик кызмат - мамлекеттик кызматтын өзгөчө түрү, аны өтөөнүн зарылчылыгы. Аскерге чакырылуучулардын аскердик кызматтан баш тартуусу үчүн жоопкерчилиги.

**2-сабак. Теориялык.** Аскердик уставдар жөнүндө түшүнүк, аларды жаратуунун тарыхы, уставдардын аскердик жамааттын турмушундагы жана ишмердүүлүгүндөгү мааниси. Уставдын жоболору жана адеп-ахлактык принциптери.

## №3 тема. Аскер кызматчылар жана алардын ортосундагы өз ара мамилелери. Аскердик тартип.

**1-сабак. Теориялык.** Аскер кызматчыларынын жалпы милдеттери. Аскердик наам жана айырмалоо белгилери. Башчылар жана баш ийгендер. Улук жана кенже наамдагылар. Тикелей жана түздөн-түз башчылардын укуктары жана милдеттери.

**2-сабак. Теориялык.** Аскердик ар намыс, аскердик сылыктыктын жана кайрылуунун эрежелери. Буйрук берүүнүн жана аны аткаруунун тартиби. Аскер кызматчылардын ортосундагы өз ара мамилелердин уставдык талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик. Командирлердин жана башка тикелей башчылардын жалпы милдеттери.

**3-сабак. Теориялык.** Аскердик тартип анын маңызы жана мааниси. Жоокерлерге колдонулуучу сыйлоолор жана тартиптик жазалар. Аскер кызматчыларынын аскердик кылмыштары жана материалдык зыян келтирүүсү үчүн жоопкерчилиги.

## №4 тема. Рота боюнча эшик сакчынын аракеттери

**1-2-сабактар. Практикалык.** Аскер бөлүгүнүн аскердик шаарчасы. Аскер бөлүгүндө жана бөлүкчөлөрдө аскер кызматчыларынын жайгашуусу жана ички тартиби менен тааныштыруу. Ротанын суткалык нарядынын дайындалышы, курамы, курал-жарагы. Рота боюнча эшик сакчынын милдеттери. Кезектеги эшик сакчысынын милдеттерин аткара турган ордунун орнотулушу жана жабдылышы. Рота боюнча эшик сакчы менен нөөмөтчүнүн тревога болгондо жана өрт чыккандагы, ротага өздөрүнүн аскер башычылары жана кызматчылары келгендеги, ротанын командири тартиптүү нөөмөткө чакыргандагы аракеттери.

## №5 тема. Куралсыз жана курал менен саптык ыкмалар жана кыймылдар

**(11-14-сабактар окуу-талаа жыйындарында өтүлөт)**

**1-2-сабактар. Практикалык.** Сап жана анын элементтери. Аскер кызматчыларынын сапка туруу алдындагы жана саптагы милдеттери. Алдын ала берилүүчү жана аткарылуучу командалар. “Тизил”, “Түздөн”, “Түз тур”, “Эркин тур” командаларын аткаруу. Ордунда туруп бурулуулар.

**3-4-сабактар. Практикалык.** Саптык жана жүрүш кадам менен басуу. Басып баратып бурулуулар. Аскердик саламдашууну баш кийимчен жана баш кийимсиз ордунда жана басып бара жатканда аткаруу.

**5-6-сабактар. Практикалык.** Саптан чыгуу. Башчыга келүү, сапка кайтуу. Бир катар саптан эки катар сапка кайра тизүү жана тескерисинче.

**7-8-сабактар. Практикалык.** Бөлүмчөнү сапка тизүү. Бөлүмчөнү жайылган жана жүрүш сапка тизүү. Бөлүмчөнү жайылган саптан, жүрүш сапка жана тескерисинче, бир тилкеден эки тилкеге жана тескерисинче кайра тизүү.

**9-10-сабактар. Практикалык.** Жеке саптык даярдык боюнча көндүмдөрдү өркүндөтүү.

**11-14-сабактар. Практикалык.** Курал менен саптык ыкмалар.

## 7-бөлүм. Медициналык билимдердин негиздери

Темалардын тизмеси жана сааттардын болжолдуу эсеби

| № | Теманын аталышы | Сааттардын саны уландар үчүн | Сааттардын саны Кыздар үчүн | Дарылоо мекемесинде практика | Бардык саатар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Травма жана кырсыктуу окуя учурундагы алгачкы медициналык жардам | 12 | 12 | - | 12 |
| 2 | Радиациялык булгануу, анын алдын алуу жана алгачкы медициналык жардам | - | 3 | - | 3 |
| 3 | Ууландыруучу жана күчтүү таасир этүүчү уулуу заттардан жабыр тартуу | | 4 | - | 4 |
| 4 | Жугуштуу оорулар. Алардын алдын алуу жана күрөшүү чаралары | - | 5 | 15 | |
| 5 | Жабыр тарткандарды жана бейтаптарды багып кароо. Дарылоо мекемелеринде процедураларды аткаруу | - | 18 | 18 | 18 |
| | ЖЫЙЫНТЫК: | 12 | 42 | 18 | 42 |

### №1 тема. Травма жана кырсыктуу окуя учурундагы алгачкы медициналык жардам

**1-сабак. Теориялык.** Жарат жөнүндө түшүнүк. Жараттардын классификациясы жана алардын өөрчүп кетүүсү. Кан агуунун түрлөрү жана алардын мүнөздөмөлөрү. Жарат алганда көрсөтүлүүчү алгачкы медициналык жардам. Таңгыч жана таңуу жөнүндө түшүнүк, тазаланган (стерильный) таңгычтарды коюунун эрежелери. Таңуучу материал. Таңуудагы медициналык жоолукчалар жана аларды колдонуу. Колдо бар каржаттардан таңгычтар.

**2-сабак. Практикалык.** Башка, көкүрөккө, курсакка, колдорго жана буттарга тазаланган (стерильный) таңгычтарды коюунун эрежелери (бинт, жоолукча, колдо бар каржаттар менен).

**3-сабак. Практикалык.** Кан агуудагы алгачкы медициналык жардам. Кан агууну убактылуу токтотуунун ыкмалары. Артерияларды манжа менен басып токтотуу. Кан токтотуучу буугучту (жгут) коюунун эрежелери жана колдо бар каражаттар менен токтотуу.

**4-5-сабактар. Практикалык**. Узакка созулган кысуу синдрому жөнүндө түшүнүк жана андагы алгачкы медициналык жардамдын мазмуну. Ички органдардын жабыр тартуусу жана алгачкы медициналык жардам. Урунуп калуу, чыгып кетүү, муун байламталарынын (связки) чоюлуп калуусу жөнүндө түшүнүк жана алардагы алгачкы медициналык жардам.

**6-сабак. Практикалык.** Сөөктөрдүн сынышы жөнүндө түшүнүк жана алардын белгилери. Сыныктардын түрлөрү жана алардын кабылдап кетүүсү.

Травмалык шок жана анын алдын алуу. Сөөктөр сынганда алгачкы медициналык жардамды көрсөтүүнүн эрежелери. Иммобилизациянын табелдик жана колдо бар каражаттары.

**7-сабак. Практикалык.** Баш, ийин кырчоосу, көкүрөк тутуму, кол жана бут, омуртка жана жамбаш сөөктөрү сынганда көрсөтүлүүчү алгачкы медициналык жардам ыкмалары.

**8-сабак. Практикалык.** Күйүк жөнүндө түшүнүк жана алардын пайда болуусунун себептери. Күйүктөрдүн оордук деңгээли боюнча мүнөздөмөлөрү. Күйүк жөнүндө түшүнүк. Күйүктө көрсөтүлүүчү алгачкы медициналык жардам.

**9-сабак. Практикалык**. Жүрөктүн иштешинин жана дем алуунун токтоп калуусун аныктоо ыкмалары. Дем алуу токтоп калганда организмди жандандыруу жөнүндө түшүнүк. Өпкөнү жасалма желдетүү жана жүрөккө кыйыр массаж жасоо ыкмалары.

**10-сабак. Практикалык.** Үшүктүн пайда болуусунун себептери, алардын алдын алуу жана алгачкы медициналык жардам. Эс-учун жоготуу жана эси ооп калуу абалы. Уулуу жыландар жана курт-кумурскалар чагып алганда, уулуу козу карындар жана өсүмдүктөр менен ууланганда көрсөтүлүүчү алгачкы медициналык жардам.

**11-12-сабак. Практикалык.** Алгачкы медициналык жардам көрсөтүү боюнча нормативдерди аткаруу: алгачкы тазаланган (стерильный) таңгычтарды башка, билекке, чыканак жана ийин муунуна, тизе жана бут кетмен муундарына коюу боюнча, кан токтотуучу буугучту (жгут) коюу боюнча; жоон санга жана ийинге толгомо буугучту коюу боюнча; ийиндер, билек, жоон сан жана шыйрак сынганда колдо бар каражаттардан шакшак коюу боюнча; шприцти даярдоо жана колдонуу боюнча.

**Медициналык билимдердин негиздери (кыздар үчүн)**

**№2 тема. Радиациялык булгануу, анын алдын алуу жана алгачкы медициналык жардам**

**1-сабак. Теориялык.** Радиациялык фон жөнүндө түшүнүк. Адамдардын радиациялык жабыр тартуусунун себептери. Нур оорусунун өтө курч жана өнөкөт формалары, радиациялык күйүк.

**2-3-сабактар. Практикалык.** Калкты радиациядан коргоо боюнча иш-чаралардын мазмуну. Радиациялык жаракаттарга медициналык профилактика. Радиациялык жабыр тартуудагы алгачкы медициналык жардам.

**№3 тема. Ууландыруучу жана күчтүү таасир этүүчү уулуу заттардан жабыр тартуу. Аларга профилактика жана алгачкы медициналык жардам көрсөтүү**

**1-сабак. Теориялык.** Ар кандай группадагы ууландыруучу заттардан жабыр тартуунун негизги белгилери. Күчтүү таасир этүүчү уулуу заттардан жана техникалык суюктуктардан жабыр тартуунун мүнөздөмөлөрү, токсикомания жөнүндө түшүнүк жана анын генетикалык кийинки натыйжасы.

**2-сабак. Практикалык.** Ууландыруучу заттардан жабыр тартуунун алдын алуу. Жабыр тарткандарга алгачкы медициналык жардам көрсөтүүдөгү коопсуздук эрежелери. Антидоттор жана аларды колдонуу. Ар кандай группадагы ууландыруучу заттардан жабыр тартуудагы алгачкы медициналык жардам.

**3-4-сабактар. Практикалык.** Химиялык уу заттарга каршы жеке пакеттин түзүлүшү жана аны толук эмес санитардык тазалоону жана толук эмес дегазацияны жүргүзүүдө колдонуу эрежелери. Өпкөнү жасалма желдетүү аппараттары (РПА-1 ж. б.) жана аларды колдонуу.

**№4 тема. Жугуштуу оорулар. Алардын алдын алуу жана күрөшүү чаралары**

**1-сабак. Теориялык.** Жугуштуу оорулар жөнүндө түшүнүк, алардын келип чыгышы, таралуу механизми.

**2-сабак. Теориялык.** Жугуштуу оорулардын алдын алуу. Иммунитет, токтоосуз тез алдын алуу жана атайын алдын алуу жөнүндө түшүнүк. Карантин жана обсервация жөнүндө түшүнүк. Дарылоо мекемесинин эпидемияга каршы режимде иштөөсүнүн негизги принциптери.

**3-4-сабактар. Практикалык.** Дезинфекциянын дайындалышы, түрлөрү жана жүргүзүү методдору. Дезинфекция учурунда колдонулуучу негизги каражаттар жана дезинфекция эритмелерин даярдоо эрежелери. Дезинфекция жана дератизация жөнүндө түшүнүк, аларды жүргүзүү каражаттары жана ыкмалары.

**5-сабак. Практикалык.** Дезинфекция жана дезинсекция үчүн колдонулуучу техника. Жугуштуу оорулуулардан бөлүнүп чыккан нерселерди алуу жана дезинфекциялоо эрежелери. Жугуштуу

оорулууларды багып кароодогу жана өзүнө профилактика жүргүзүү чаралары.

### №5 тема. Жабыр тарткандарды жана бейтаптарды багып кароо. Дарылоо мекемелеринде процедураларды аткаруу

**1-сабак. Теориялык.** Дарылоо процессинде жабыр тарткандарды жана бейтаптарды багып кароонун мааниси. Жабыр тарткандарды жана бейтаптарды багып кароо боюнча персоналдын милдеттери. Бейтап балдарды багып кароонун өзгөчөлүктөрү. Операциядан кийинки бейтаптарды, күйүк жана нурдан жапа чеккен оорулууларды багып кароо.

**2-3-сабактар. Практикалык.** Бейтаптын өздүк гигиенасы жөнүндө түшүнүк. Бейтаптын төшөнчүсүн даярдоо, жууркан-шейшептерин жана ич кийимдерин алмаштыруу эрежелери. Бейтаптын терисин, тырмактарын, чачтарын, ооз көңдөйүн, мурунун, кулактарын, көздөрүн күтүп кароонун эрежелери. Тамактандыруу, бейтаптарга жана катуу оорулууга суюктук ичирүү жана дарылык тамак жөнүндө түшүнүк.

**4-5-сабактар. Практикалык.** Ар кандай процедураларды (дене температурасын, жүрөктүн кагуу жана дем алуу жыштыгын аныктоо), бейтаптан бөлүнүп чыккан нерселерди (заң, заара, какырык) изилдөөгө чогултуу, суткалык диурезди (заара бөлүп чыгаруусун) аныктоо. Компресс жана горчичникти коюу эрежелери, банка жана клизма (тазалоочу жана дарылоочу) коюу, ашказанды тазалоо. Бейтапка кычкылтек берүү. Таңууга катышуу, гипс таңгычтарды коюу жана кайра алуу.

**6-7-сабактар. Практикалык.** Дары-дармектер жана аларды колдонуу дозалары жөнүндө жалпы түшүнүк. Оорукана жана бейтапкана бөлүмдөрүндө дарыларды сактоо жана аларды бейтаптарга таратып берүү тартиби. Дары- дармек заттарды организмге кийирүү ыкмалары. Айрым дары-дармектерге болгон жогорку сезгичтик жөнүндө түшүнүк. Баңгилик жөнүндө түшүнүк.

**8-9-сабактар. Практикалык.** Бейтаптарды ташып жүрүүнүн негизги каражаттары жана ыкмалары (санитардык замбилдер, оорукананын дөңгөлөктүү арабалары жана коляскалары). Бейтаптарды замбилге, дөңгөлөктүү арабага, төшөккө, операциялык столдорго көтөрүп жаткыруу жана таңуу эрежелери, бейтаптарды унаа, темир жол, аба, суу унааларына жүктөө эрежелери. Колдо бар каражаттардын жардамы менен жабыр тарткандарды жана бейтаптарды көтөрүп жүрүү.

## 7-бөлүм. Комплекстүү сабактар
### Окуп-үйрөтүүнүн милдеттери

Аскер ишинин негиздери, аскердик кызматтын негиздери, ок атуу жана жалпы дене тарбиялык даярдоо, жарандык коргонуу жана медициналык билимдердин негиздери боюнча теориялык жана практикалык сабактарда алынган билим жана көндүмдөрдү бекемдөө жана өркүндөтүү.

Нормативдерди аткаруу үчүн, тактикалык кырдаалдын шартында аракет кылганда, жогорку дене тарбиялык жана психологиялык жүктү артууда тез баамдоону, демилгени жана тапкычтыкты өнүктүрүү.

Комплекстүү сабактардын болжол кылынган мазмуну. Комплекстүү сабактар программанын бир нече же бардык бөлүмдөрдүн нормативдеринин аракеттерин, милдеттерин айкалыштырууну түшүндүрөт жана ал өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

**Жалпы дене тарбиялык даярдоо боюнча**

- турникке тартылуу;
- 3 кмга кросс;
- №1 жана №2 эркин көнүгүүлөрдүн комплекси.

**Ок атуу даярдыгы боюнча**

- Калашников автоматын толук эмес ажыратуу жана жыйноо;
- кол гранаталарын алыстыкка ыргытуу;
- ок атууга камдануу, ок атууну ишке ашыруу, ок атууну токтотуу, куралды оксуздандыруу, ок атуудан кийин куралды карап текшерүү;
- пневматикалык мылтыктан ок атууну аткаруу.

**Жарандык коргонуу боюнча**

- “Баарыңар көңүл бургула” эскертүүчү белги боюнча аракет кылуу;
- жеке коргонуу каражаттарын колдонуу боюнча нормативдерди аткаруу;

**Аскер ишинин негиздери боюнча**

- согуш талаасында чуркап өтүп жана сойлоп орун которуу;
- душмандын объектине чуркап өтүп жана сойлоп жашыруун жетүү;
- жергиликтүү нерселерге карата азимуттарды аныктоо;

**Аскердик кызматтын негиздери боюнча**

- саптан чыгуу;
- сабактын жетекчисине (снаряддар менен) келүү жана сабактын жетекчисинен (снаряддардан кетүү) кетүү;
- саптык кадам менен басуу;
- басып баратып бурулуулар.

**Медициналык билимдердин негиздери боюнча**

- алгачкы тазаланган (стерильный) таңгычтарды башка, билекке, чыканак жана ийин муунуна таңуу;
- кан токтотуучу буугучту (жгут) коюу;
- толгомо буугучту жоон санга жана ийинге коюу;

- ийиндер, билек, жоон сан жана шыйрак сынганда колдо бар каражаттардан шакшак коюу;
- кан агууну убактылуу токтотуунун ыкмалары.

**Куралдарды колдонуудагы коопсуздук эрежелери**

Куралды колдонууда жана урунууда, ошондой эле окуп-үйрөнүү жана машыгууда, ок атууларын жүргүзүп жатканда кынтыксыз тартипти камсыз кылуу үчүн коопсуздук эрежелеринин негизги талаптарын бекем билүү керек:

- Ок атуу учурунда бардык кыймыл аракеттер ок атуулардын жетекчисинин командалары менен жүргүзүлөт.
- Ок атуулар аяктаганда же тыныгуу учурларында, ошондой эле куралды башка адамга бергенде же бирөөнөн алганда эң алгач анын октолбогондугун текшерип ынануу керек.
- Ок атуу процессинде куралды ок атылып жаткан багытка гана кармоо же курал октолгонуна же октолбогонуна карабастан найын өйдө каратып кармоо керек.
- Төмөнкү учурларда ок атууну ылдам жана тез токтотуп, куралды оксуздандыруу керек: ок атууну токтотуу жөнүндө команда берилгенде, ак желек көтөрүлгөндө же ок атуу секторунда адамдар, же жаныбарлар көрүнгөндө;
- Куралдын затворун жабык, машаасын күжүрмөн таканчыктан бошотуп алып жүрүү жана сактоо.

**Катуу тыюу салынат:**

1. Жетекчинин "Аткыла!” деген командасы же белги берилгенге чейин куралды октогонго.

2. Куралды адамдарга, ок атуу жайынын каптал жана ар жак тараптарына курал октолгонуна же октолбогонуна карабастан багыттоого.

3. Бузулган куралдан ок атууга жана ок атууну жүргүзүүгө, ок атуунун кооптуу багыттарына, ак желек көтөрүлүп турганда ок атууга.

4. Октолгон куралды кайсы бир жерге калтырууга же башкаларга аны берүүгө.

5. Жарылбай калган снаряддар жана башка жарылуучу кооптуу нерселер бар ок атуу жайынын тилкелерине кирүүгө жана аларга кол тийгизүүгө.

6. Ок атуу ыкмаларын аткарууда бекем практикалык көндүмдөргө ээ болбогондорго ок атууга жол берилбейт.

**Пневматикалык мылтыктан ок атуу көнүгүүлөрүнүн шарттары.**

**1-көнүгүү**

Бута - айлана сызыктары бар көкүрөк фигурасы, бута №7а (Бута №6а). Бутага чейинки аралык – 5-10 метр. Октордун саны - 3 даана. Ок

атууга берилген убакыт — чектелбейт. Ок атуу абалы: жатып алып таянычтан.
Баалоо: “эң жакшы” - биринчи жолу атуудан бутага тийгизүү, “жакшы” - экинчиден, “канааттандырарлык” - үчүнчүдөн.

**2-көнүгүү**

Бута - айлана сызыктары бар көкүрөк фигурасы, бута №7а (Бута №6а). Бутага чейинки аралык - 5-10 метр. Октордун саны — 3 даана. Ок атууга берилген убакыт - чектелбейт. Ок атуу абалы: жатып алып таянычтан.
Баалоо: “эң жакшы” - үч жолу фигурага тийгизүү, “жакшы” - эки жолу, “канааттандырарлык” — бир жолу.

**3-көнүгүү**

Бута - айлана сызыктары бар көкүрөк фигурасы, бута №7а (Бута №6а). Бутага чейинки аралык - 5-10 метр. Октордун саны - 3 даана. Ок атууга берилген убакыт - чектелбейт. Ок атуу абалы: жатып алып таянычтан.
Баалоо: “эң жакшы” - фигурага тийгизүү менен 20 упай топтоо, “жакшы” — 16 упай, “канааттандырарлык” - 12 упай.

**4-көнүгүү**

Бута - жүгүрүп бара жаткан фигура, бута 8в (бута №8г), кыймылсыз. Бутага чейинки аралык - 5-10 метр. Октордун саны - 3 даана. Ок атууга берилген убакыт - чектелбейт. Ок атуу абалы: жатып алып таянычтан.
Баалоо: “эң жакшы” - үч жолу фигурага тийгизүү, “жакшы” - эки жолу, “канааттандырарлык” - бир жолу.

## Контролдук нормативдер

| Нормативдин аталышы | Нормативди аткаруунун шарты (тартиби) | Баалоо, бааны төмөндөтүүчү каталар |
|---|---|---|
| ***Жалпы дене тарбиялык даярдоо*** | | |
| Турникке тартылуу | Дене тарбиялык даярдоо боюнча Окуучубаштапкы абалда турат. Жетекчинин “СНАРЯДКА” деген командасы боюнча так кадамдап турникке келип, секирүүгө даяр абалды кабыл алат. Түз колдор менен үстүнөн кармап асынып алып, тартыла баштайт (асынып туруу абалы 1-2 секунд). Тартынууда ээк темирден жогору чыгышы керек. Буттарды бүгүүгө, ачууга уруксат берилет. | Баалоо: “эң жакшы” - 12 жолу; “жакшы’’ - 9 жолу; “канааттандырарлык” - 7 жолу; “канааттандырарлык эмес” - 7ден аз болсо. |
| Тоскоолдуктар тилкесинен өтүү | Бирдиктүү тоскоолдуктар тилкесинин көнүгүүлөрүнүн шарттарына ылайык (тиркеме) | Баалоо: “эң жакшы” - 1 мин. 30 сек.; “жакшы” - 1 мин. 40 сек.; “канаатандырарлык” - 1 мин 55 сек. |
| 3 км ге кросс | Кандай болбосун жалпы же | Баалоо: “эң жакшы” - 12 мин 00 сек.; |

| | | |
|---|---|---|
| | өз-өзүнчө старттан өткөрүлөт. Старт жана финиш бир жерге жайгашат. Кийимдин формасы — спорттук кийим. | “жакшы” - 13 мин. 30 сек.;<br>“канааттандырарлык” - 14 мин.25 сек.;<br>“канааттандырарлык эмес” - 14 мин. 25 сек. жогору. |
| Кармаш-уруш ыкмалары | Окуучуатайын даярдалган орунда турат, көрсөтүү үчүн жетекчи программада камтылган ар кандай группадагы үч ыкманы дайындайт: курал менен ыкмалар; уруштун (бой) кол жана бут ыкмалары; кармоо ыкмаларынан (захват) бошонуу; душманды куралсыздандыруу. Команда боюнча, Окуучубелгиленген ыкмаларды көрсөтөт. Ыкмаларды аткаруу төмөндөгүдөй бааланат: “аткарылды” - эгерде ыкма анын баяндалышына ылайык жүргүзүлүп, ылдам жана аягына чыгарылса; “аткарылган жок” — эгерде ыкма анын баяндалышына ылайык эмес же аягына чыгарылбаса. | “канааттандырарлык эмес” - бир дагы ыкманы көрсөтө албаса |
| 100 метрге | Спорттук кийим менен. Жапыз чуркоо старттан. | Баалоо: “эң жакшы” - 13,6 сек.; "жакшы” - 14,8 сек.: “канааттандырарлык” - 15.0 сек.;<br>“канааттандырарлык эмес” - 15.0 сек. жогору |
| **Курал атуу машыгуусу** | | |
| Автоматты бөлүктөргө ажыратуу (жыйноо), стволдун каналын тазалоо жана майлоо | Автоматты бөлүктөргө ажыратуу (жыйноо), стволдун каналын тазал оо жана майлоо | Автоматты бөлүктөргө ажыратуу (жыйноо), стволдун каналын тазалоо жана майлоо |
| Пневматика-лык мылтыктан ок атуу көнүгүүлөрүн аткаруу | Пневматикалык мылтыктан ок атуу көнүгүүлөрүн аткаруу | |
| 700 грамм салмактагы гранатаны ыргытуу | 700 грамм салмактагы гранатаны ыргытуу | 700 грамм салмактагы гранатаны ыргытуу |
| **Жарандык коргонуу** | | |

| | | |
|---|---|---|
| Противогазды кийүү | Противогаздар окуучулардын колунда болот. Капысынан берилген “ГАЗ” командасы боюнча противогаздарды кийишет. Убакыт команда берилген учурдан противогазды толук кийип жана демди толук чыгарганга чейин эсептелет. | Баалоо: "эң жакшы” - 8 сек : “жакшы” - 9 сек.; “канааттандырарлык” - 10 сек.; Бааны бир баллга төмөндөтүүчү каталар: противогазды кийип жатканда окуучу көздү жумбай жана дем алууну токтотпой койгондо, же противогазды кийгенден кийин демди толук чыгарууну аткарбай койгондо, шлем-маска кыйшайып же бириктирүүчү түтүк толгонуп калганда. “Канааттандырарлык эмес” деген баа алуучу каталар: сырткы аба шлем-масканын астынан кирип кеткидей болгон бырыш жана кыйшаюуларга жол берилсе. Бириктирүүчү түтүктүн гайкасы толук буралбай калса. |
| Жабыр тарткан адамга противогазды кийгизүү | Противогазчан окуучу жабыр тарткандын жанында анын башы тарабында жатат. Жабыр тарткандын противогазы даяр абалында болот. Жетекчинин командасы боюнча окуучу жабыр тарткан адамдын противогазын алып чыгып, противогазды ага кийгизет. | Баалоо: “эң жакшы” - 15 сек.; “жакшы”- 16 сек.; “канааттандырарлык” - 17 сек.; Бааны бир баллга төмөндөтүүчү каталар: шлем-маска толук кигизилбей калса, көз айнектер көзгө дал келбей калса, бириктирүүчү түтүк толгонуп калса. |
| Иштен чыккан противогазды булганган атмосферада колдонуу | Окуучулардын противогаздары “күжүрмөн”абалда. Жетекчи кийинки командалардын бирин берет: “Бириктирүүчү түтүк жырылган” же “Шлем-маска айрылган”. Окуучулар жараксыз бөлүктөрдү чыгарып салып, противогазды колдонууну улантышат. Убакыт буйрук берилген учурдан тартып дем алууну калыбына келтиргенге чейин эсептелет. | Баалоо: “эң жакшы” - 20 сек.;<br>“жакшы”- 22 сек.;<br>“канааттандырарлык” - 25 сек. |
| Противогазды жана жалпы аскердик коргоочу комплектини “жеңдүү плащты” кийүү | Коргоочу каражаттар окуучуларда даяр абалда болот. “Жеңдүү плашты, кол капты кий”, “ГАЗ" деген команда болгондо окуучулар противогазды, коргоочу өтүктү, коргоочу жеңдүү плащты, коргоочу кол каптарды киет.<br>Убакыт команда бергенден баштап коргоочу каражаттарды толук бойдон кийип, “даяр” деп билдирүү | Баалоо: “эң жакшы” - 3 мин. 30 сек.; “жакшы” – 4 мин.;<br>“канаатандырарлык” - 4 мин. 30 сек.;<br>Бааны бир баллга төмөндөтүүчү каталар:<br>тасма (хлястик) бүчүлөнгөн боюнча кийилди; плащтын чети туура эмес бүчүлөндү; өтүктөр толук кийилген жок; бурчуктардын (шпенёк) учтары бекиткич (закрепки) менен бекилген жок же эки бурчук бүчүлөнгөн жок.<br>Бааны “канааттандырарлык эмес” деп аныктоочу каталар: кийип жатканда |

| | | |
|---|---|---|
| | (доклад) бергенге чейин эсептелет. | коргоочу каражаттар жарактан чыкса; противогазды кийүүдө “канааттандырарлык эмес” деп аныктоочу каталар аныкталса. |
| **Аскердик иштердин негиздери** | | |
| Буталарды таап аныктоо, алардын турган ордун жергиликтүү нерселерге болгон багытына карата аныктоо жана байкоонун жыйын-тыктары жөнүндө билдирүү | Окуучу берилген сектордо байкоо жүргүзүү орунун ээлейт. Байкоочудан 200-500 метр аралыктагы байкоо жүргүзүү секторунда үч бута жайгашкан. Буталарды табуу, аларга чейинки аралыкты жана алардын жайгашкан ордун жана жергиликтүү нерселерге карата аныктоо, байкоонун жыйынтыктарын билдирүү. | Баалоо: “эң жакшы” – бардык үч бута тең табылды жана аларга чейинки аралыктар туура аныкталды; “жакшы” - бардык үч бута тең табылды жана аларга чейинки аралыктар 15%дан ашпаган ката менен аныкталды; “канааттандырарлык” - экиден аз эмес бута табылды жана алардын бирине чейинки аралыкты аныктоодо 15%дан жогору ката кетирилди; “канааттандырарлык эмес” - экиден аз бута аныкталды же алардын экөөнө чейинки аралыкты аныктоодо 15%дан жогору ката кетирилди.<br>Каталар: окуучу калкагычта байкоо жүргүзүү ордун туура эмес тандаган; ар бир бутага чейинки аралыкты аныктоонун каталары 15%дан жогору. |
| Согуш талаасында орун которуу /бир орундан экинчи орунга которулуу (передвижение) | Баштапкы абал - ок атуу позициясы (ок атуу орду). Окуучу тактикалык кырдаалга киргизилет, ага жаңы чектерге орун которууга тапшырма коюлат. Жетекчинин командасы боюнча окуучу 20-30 метр жерди ок атууну жүргүзүү менен ылдам басып өтүшү керек. | Баалоо: “эң жакшы” - орун которуу туура аткарылды; “жакшы” - орун которууда экиден көп эмес ката кетирилди; “канааттадырарлык” - орун которууда үчтөн көп эмес ката кетирилди. |
| Ок атуу позициясын (ок атуу ордун) тандоо, окоптун чегин сызуу (трассировка) | Баштапкы абал - жатып алып же тикесинен туруп. Окуучу тактикалык кырдаалга киргизилет, ага ок атуу позициясын тандоого тапшырма берилет. | Баалоо: “эң жакшы” - бардык кыймыл аракеттер туура, так аткарылды; “жакшы” - экиден ашык эмес ката кетирилди; “канааттандырарлык” - үчтөн ашык эмес ката кетирилди; “канааттандырарлык эмес” - үчтөн ашык ката кетирилди. Каталар: ок атуу позициясы туура эмес тандалган; куралдын абалы туура эмес; күрөк туура эмес колдонулду; окоптун өлчөмдөрү туура эмес кармалган; душманга байкоо жүргүзүлгөн жок, кыймыл-аракеттер жай, ишенимсиз. |
| Танкка каршы миналарды орнотуу | Окуучу күжүрмөн тапшырманы аткарат. Жетекчи кандай минаны жана | Баалоо: “эң жакшы” - минаны орнотуу туура, так жана тез жүргүзүлдү; “жакшы” - минаны орнотууда бирден ашык эмес |

| | | |
|---|---|---|
| | кайда орнотууну жарыялайт. "Минаны орнотууну - БАШТА" командасы берилгенден кийин окуучу жергиликтүү аймакка жана душманга байкоо жүргүзүү менен минаны орнотот. | ката кетирилди; "канааттандырарлык" - минаны орнотууда экиден ашык эмес ката кетирилди; "канааттандырарлык эмес" - минаны орнотууда экиден ашык ката кетирилди. Каталар: минаны орнотуучу чуңкур туура эмес казылды: жардыргычты орнотуу жана аны күжүрмөн абалга келтирүү жумуштары туура эмес жүргүзүлдү; минаны көмүскөлөө (маскировка) эрежелери бузулду; жергиликтүү аймакка жана душмандын аракеттерине байкоо жүргүзүлгөн жок. |
| Азимут боюнча багыт аныктоо | Окуучу күжүрмөн тапшырманы аткарат. Жетекчи окуучуга азимутту берет, ал боюнча окуучу багытты аныктайт жана билдирет (докладывает). | Баалоо: "эң жакшы" – окуучунун кыймыл аракеттери туура аткарылды, ал эми ката 3 градустан ашкан эмес; "жакшы" – окуучунун кыймыл аракеттери туура аткарылды, ал эми ката 6 градустан ашкан эмес; "канааттандырарлык" – окуучунун кыймыл аракеттери туура аткарылды, ал эми ката 9 градустан ашкан эмес; "канааттандырарлык эмес" – окуучунун кыймыл аракеттери туура эмес аткарылды же ката 9 градустан ашкан. |
| Жергиликтүү нерсеге карата азимутту аныктоо | Окуучу күжүрмөн тапшырманы аткарууда. Жетекчи окуучуга жергиликтүү нерсени (ориентирди) көрсөтөт, окуучу ал нерсеге карата азимутту аныктайт жана билдирет (докладывает) | Жогорудагы нормативдегидей. |

## САБАКТАРДЫ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА УЮШТУРУУ-УСУЛДУК КӨРСӨТМӨЛӨР

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык уюштурулуучу жана өткөрүлүүчү жарандарды аскердик кызматка даярдоо тутумунун курамдык бөлүгү болуп эсептелет жана аскер ишинин негиздерине окутуунун жана адамдын жашоо турмушунун коопсуздугун камсыздоонун милдеттүү сабактары болуп эсептелип, менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан жалпы билим берүүчү уюмдарда, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында (мындан ары - билим берүүчү уюмдар) уюштурулат.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо окуучуларды аскердик иш, жарандык коргонуу жаатында керектүү билимге жана

практикалык көндүмдөргө окутуу, өзгөчө кырдаалдарда адамдын жашоо турмушунун коопсуздугунун негиздерин өздөштүрүү максатында жүргүзүлөт.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча сабактардын жүрүшүндө окуучулар аскердик милдеттүүлүк жөнүндө Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерин, аскердик кызматтын дайындалышын, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн аскер антынын жана жалпы аскердик уставдарынын талаптарын, Куралдуу Күчтөрдүн жана башка аскердик түзүлүштөрдүн дайындалышын жана түзүлүшүн өздөштүрүшөт.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо 10-11-класстарда, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында окутуунун биринчи жана экинчи курстарында жаштарда мекенчилдик сезимди, жогорку моралдык- психологиялык сапаттарды, аскердик кызматты сүйүүнү, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн аскер антынын жана жалпы аскердик уставдарынын талаптарын аткарууга карата жеке жоопкерчиликти тарбиялоо максатында жүргүзүлөт.

Билим берүүчү уюмдарда, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоого окуу жылында 68 сааттан кем эмес бөлүнөт.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча сабактар сабактардын жалпы ырааттамасына киргизилип, класстар жана окуу топтору боюнча жүргүзүлөт.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо окутуунун төмөнкү бөлүмдөрүн камтыйт:

- жалпы дене тарбиялык даярдоо;
- ок атуу даярдыгы;
- адамдын жашоо турмушунун коопсуздугунун негиздери;
- жарандык коргонуу;
- аскер ишинин негиздери;
- аскердик кызматтын негиздери;
- медициналык билимдердин негиздери;
- комплекстүү сабактар.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо теориялык, практикалык, комплекстүү жана текшерүү сабактарында жүргүзүлөт.

Окуу процессин пландоо жана уюштуруу төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону өтүүнүн жумалар боюнча планын иштеп чыгууну;
- окутуунун башталышы, взвод жана бөлүмчө командирлерин дайындоо жөнүндө буйрукту;
- аскердик-мекенчилдик иштер боюнча жана окуу-материалдык базаны өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууну;
- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучунун) жеке иш планын.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону өтүүнүн жумалар боюнча планын иштеп чыгуу үчүн билим берүү уюмунун жетекчиси окуучуларды окуу-талаа жыйындарына тартуунун, ок атуу көнүгүүлөрүн аткаруунун, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилери (окутуучулары) менен өтүлүүчү сабактардын жана алардын окуу-методикалык жыйындарга тартылуусунун, окуу программасынын тиешелүү темаларын өтүүнүн убактысын билиши керек.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жумалар боюнча планы 10-11-класстар үчүн өзүнчө бир жылга, баштапкы жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында окутуунун биринчи жана экинчи курстарына иштелип чыгат.

Сабактарды уюшкандыкта өткөрүүнү, окуучуларга аскердик уставдардын талаптарын аткарууну адат кылууну камсыз кылуу максатында, билим берүү уюмунда взвод жана бөлүмчө командирлерин дайындоо боюнча буйрук чыгарылат.

Аскердик-мекенчилдик иштер боюнча жана окуу-материалдык базаны өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууда, билим берүү уюмунун жылдык иш планына киргизүү үчүн, педагогикалык жамааттын баарын жана окуучуларды тартуу менен бирге ишке ашырылуучу, предмет боюнча окутуунун жана тарбиялоонун жогорку деңгээлин камсыз кылуучу негизги иш-чаралар аныкталат.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучунун) жеке иш планы бир жылга түзүлөт. Иш планга квалификацияны жогорулатуу боюнча өз алдынча иштөөнүн иш-чаралары, ошондой эле уюштуруучулук жана башка иш-чаралар киргизилет.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча окуу процессинин негизги формасы болуп, Программанын талаптарына ылайык уюштурулуучу жана өткөрүлүүчү сабак эсептелет.

Билим берүү уюмунун жетекчиси ар бир сабактын даярдалышына түздөн-түз катышат. Анткени сабактын планын (план конспектти) бекитүү анын милдети болуп эсептелет.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучунун) сабакка даярдануусуна төмөндөгүдөй сунуштар берилет:

· окутуунун суроолору боюнча окуу материалынын мазмунун жана көлөмүн, окутуунун максаттарын жана анын тарбиялык багытын аныктоо;

· окуучуларга буга чейин эмнелер белгилүү экенин, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун мурунку сабактарынан жана башка сабактардан алар кандай билим жана көндүмдөрдү ала алышканын тактоо;

· сабактын усулдарын жана аны өткөрүү тартибин аныктоо;

· сабакта кандай техникалык каражаттарды, үйрөтүүчү куралды, аскер мүлктөрүн жана жабдыктарын колдонууну аныктоо;

· уставдардын жана нускамалардын тиешелүү беренелерин, окуу китебинин жана усулдук колдонмолордун бөлүмдөрүн, ушул тема боюнча башка адабияттарды окуп-үйрөнүү;

· темaны терeңдеп окуп-үйрөнүү үчүн окуучуларга сунушталуучу адабияттарды тандоо;
· ыкмаларды жана кыймыл аракеттерди аткаруу боюнча машыгуу жана көнүгүү;
· үйдө аткарылуучу өз алдынча иш үчүн тапшырманы аныктоо.

Сабак даярдоочу, негизги жана жыйынтыктоочу бөлүктөрдөн турат. Сабактын даярдоочу бөлүгү окуучуларды алдыда боло турган сабактарга уюштуруучулук, психологиялык жана физиологиялык жактан даярдоого жана көңүл бурдурууга, ошондой эле иш аткарууга керектүү шарттарды түзүүгө багытталат. Адатта сабактын даярдоочу бөлүгү өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт: окуучуларды сапка тизүүнү жана жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисине (окутуучусуна) взводдун командиринин билдирүүсүн, сырткы көрүнүштү карап-текшерүүнү, алдыдагы иштердин мүнөзүнө жараша окуучунун организмин жогору татаалдыктагы дене тарбиялык ишти жасоого даярдаган жалпы даярдык көнүгүүлөрүнүн комплексин аткарууну.

Сабактын негизги бөлүгүндө ар кандай усулдарды - билимдерди берүү усулдарын, практикалык жактан аткаруу усулдарын, каталардын алдын алуу жана оңдоо усулдарын, окутуп-үйрөтүүнү жыйынтыктоо усулдарын колдонуу менен предметтин программасынын мазмунун өздөштүрүү орун алат. Көбүнчө билимдерди берүүнүн баарлашуу, түшүндүрүү, айтып берүү, көрсөтүп берүү, ошондой эле көнүгүүлөрдү практикалык жана өз алдынча аткаруу өңдүү формалары колдонулат.

Баарлашуу - бул суроо-жооп түрүндөгү окутуп-үйрөтүү усулу.

Көрсөтүп берүү - бул, алардын жардамы менен окуучуларда өздөштүрүлүп жаткан предмет боюнча көрүнүктүү (наглядный) элес калтыруучу, куралдын, аспаптардын ж.б. түзүлүшү жөнүндө конкреттүү түшүнүк, калыптандыруучу ыкмалардын жана аракеттердин жыйындысы.

Көнүгүү - бул билимди бекемдөөнүн, билгичтик жана көндүмдөрдү өркүндөтүүнүн негизги усулу.

Сабактарды уюштуруунун негизги өзгөчөлүгү, ар бир сабактын мекенчилдикке, Ата-Мекенди коргоого, жалпы аскердик уставдардын талаптарын аткарууга жана келечекте Куралдуу Күчтөрдө кызмат кылууга даяр болууга тарбия берүү маселелерине баш ийдирилишинде турат.

Сабактын жыйынтыктоочу бөлүгүндө сабакты талдоо жүргүзүлүп, эң мыкты жооптор жана аракеттер белгиленет, баалар жарыяланат, өз алдынча даярданууга тапшырма берилет жана сабак өтүлгөн орун иретке келтирилет.

Сабактарда дайыма уюшкандык жана тартип сакталышы керек. Окуучуга жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчиси (окутуучу) кайрылганда, ал столдун жанына тез ордунан турат, “ТҮЗ ТУР” абалын кабыл алат жана өзүнүн ким экенин тааныштырат, мисалы: *“окуучу Асанов”*. Эгерде жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчиси (окутуучу) окуучуга анын фамилиясы боюнча кайрылса, окуучу

- "*Мен"* деп жооп берет. Отурууга уруксат алган соң, окуучу "*Жарайт*" деп жооп берет жана тез ордуна отурат. Окуучу жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисине (окутуучуга) кайрылганда адегенде колун көтөрөт, уруксат берилгенден кийин ордунан туруп, "ТҮЗ ТУР" абалын кабыл алат жана өзүнүн ким экенин тааныштырып, анан суроосун берет. Тактага /аспаптын жанына ж. б./ чакырылганда окуучулар Саптык уставдын талаптарын аткаруусу керек. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчиси (окутуучу) окуучуларга "Сиз" деп гана кайрылат. Окуучулардан бул эрежелерди аткарууну класстан тышкаркы иш-чараларды, ошондой эле окуу-талаа жыйындарын өткөрүүдө да талап кылуу сунуш кылынат.

**Теориялык сабактар** дидактикалык материалдарды жана окутуунун техникалык каражаттарын колдонуу менен көбүнчө айтып берүү, баарлашуу формасында жүргүзүлөт.

Мындай сабактарда түшүнүктөр, аныктамалар, сабактын темасынын негизги жоболору каралат, ар кандай адабият булактары, уставдардын, насааттардын колдонмолордун талаптары талданат жана өздөштүрүлгөн билимди башка сабактарда, аскердик кызматты өтөөдө кандай колдонуу керектиги боюнча кеңеш, сунуштар берилет.

**Практикалык сабактар** ыкмаларды, аракеттерди жана нормативдерди аткаруунун техникасын үйрөнүүнү жана бекемдөөнү, куралды, жабдыктарды, инженердик куралдарды жана жеке коргонуу каражаттарын, керек-жарактарды жана курулмаларды колдонуу менен ок атуу жана башка тапшырмаларды чечүүнү камтыйт.

**Комплекстүү сабактар** программанын бир нече же жалпы бардык бөлүмдөрү боюнча ыкмаларды, аракеттерди, нормативдерди, тапшырмаларды же алардын комбинацияларын аткарууну, өзгөчө жана экстремалдык кырдаалда аракет кылуу чечимдерин камтыйт. Алар жогорку дене тарбиялык жүктү артууга (нагрузка) талап кылган шарттардагы билгичтикти жана көндүмдөрдү, практикалык аракеттерди, тапкычтыкка жана демилгелүүлүккө жетишүүнү, моралдык жана психологиялык туруктуулукту бекемдөө жана өркүндөтүү максатында жүргүзүлөт.

Комплекстүү сабактарга милдеттүү түрдө дене тарбиялык көнүгүүлөр, жарандык коргонуу жана аскер ишинин негиздери боюнча аракеттер киргизилет. Бул сабактарда окуучулар тарабынан аскердик кызматтын негиздери боюнча теориялык жана практикалык сабактарда өздөштүрүлгөн саптык ыкмаларды, аскер наамы улуктарга аскер кызматчыларынын кайрылуу эрежелерин жана буйрутманы берүү менен кабыл алуудагы аракеттерди аткаруу сунуш кылынат. Комплекстүү сабактардын узактыгы 10 саатка чейин.

**Окуу-талаа жыйындарында** окуучулардын билимин жана практикалык көндүмдөрүн аныктоо максатында, бааларды коюу менен текшерүү сабактары жүргүзүлөт. Уландар менен окуу-талаа жыйындары

өткөрүлүп жаткан мезгилде, кыздар медициналык дарылоо мекемелеринде практикадан өтүшөт.

**Текшерүү сабактары** (окуу-талаа жыйындары) жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоодон өтүп жаткан уландар арасында, эреже катары, райондук (шаардык) администрациянын чечими менен түзүлгөн комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

Текшерүү сабактарында окуучулар, райондук (шаардык) администрациянын чечими менен түзүлгөн комиссия аныктаган нормативдерди, көнүгүүлөрдү, тапшырмаларды аткарышат.

**Жалпы дене тарбиялык даярдоо боюнча** - бирдиктүү тоскоолдуктар тилкесинен өтүү, кармашып урушуу ыкмалары.

**Ок атуу даярдыгы боюнча** - автоматтан баштапкы үйрөнүү ок атуу көнүгүсүн аткаруу жана пневматикалык мылтыктан ок атуу.

**Жарандык коргонуу боюнча** - жеке коргонуу каражаттарын жана жалпы аскердик коргоочу комплектини кийүү боюнча нормативдерди аткаруу. Жарым-жартылай санитардык тазалоо.

**Аскер ишинин негиздери жана аскердик кызматтын негиздери боюнча** - согушта жана чалгындоодо аракет кылуу. Окопту казып орнотуу, жабдуу тартиби. Жөө аскерлерге жана танкаларга каршы миналарды орнотуу. Курал менен аткарылуучу саптык ыкмалар.

**Жеке баа** көрсөтүлгөн бөлүмдөр боюнча окуучунун текшерүү сабактарындагы ар бир нормативди (көнүгүүнү, тапшырманы) аткарууда алган бааларын кошуу менен төмөндөгүдөй аныкталат:

**“Эң жакшы”,** эгерде текшерүү жүргүзүлгөн нормативдердин (көнүгүүнүн, тапшырманын) 50% дан кем эмеси “эң жакшыга” аткарылса, ал эми калгандары - “жакшы” деген баа болсо;

**“Жакшы”,** текшерүү жүргүзүлгөн нормативдердин (көнүгүүнүн, тапшырманын) 50% дан кем эмеси “эң жакшы” жана “жакшыга” аткарылса, ал эми калгандары - “канааттандырарлык” деген баадан төмөн болбосо;

“**Канааттандырарлык”,** эгерде текшерүү жүргүзүлгөн нормативдердин (көнүгүүнүн, тапшырманын) биринен “канааттандырарлык эмес” деген баа алса.

**“Канааттандырарлык эмес”** - эки же андан көп “канааттандырарлык эмес” деген баа алса.

**Жалпы баа** окуу жылы (курсу) жана окуу-талаа жыйындары үчүн төмөндөгүдөй коюлат:

**“Эң жакшы”,** эгерде жалпы дене тарбиялык, ок атуу даярдыктары жана жарандык коргонуу боюнча баалар - “эң жакшы”, ал эми аскер ишинин негиздери жана аскердик кызматтын негиздери боюнча - “жакшы” деген баадан төмөн болбосо.

**“Жакшы”,** эгерде жалпы дене тарбиялык, ок атуу даярдыктары жана жарандык коргонуу боюнча баалар - “жакшыдан” төмөн болбой, ал эми

аскер ишинин негиздери жана аскердик кызматтын негиздери боюнча - “канааттандырарлык” деген баадан төмөн болбосо.

**“Канааттандырарлык”,** эгерде жалпы дене тарбиялык даярдоодон жана жарандык коргонуудан башка бир бөлүмдөн көп эмес “канааттандырарлык эмес” баа болсо.

**“Канааттандырарлык эмес”,** эгерде үч бөлүм боюнча (аскер ишинин негиздери, аскердик кызматтын негиздери жана ок атуу даярдыгы), же жалпы дене тарбиялык даярдоодон, же жарандык коргонуу, же медициналык билимдердин негиздери боюнча “канааттандырарлык эмес” деген баа болсо.

Теориялык сабактардын жүрүшүндө алынган аскердик билимдерди жана көндүмдөрдү бекемдөө үчүн жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча окутуунун аяктоо этабында окуучулар менен жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоого бөлүнгөн убакыттын эсебинен окуу-талаа машыгууларын (жыйындарды) өткөрүү үчүн окуу-материалдык базасы бар жакынкы жайгашкан аскердик бөлүктөрдүн (мекемелердин) же билим берүүчү уюмдардын базасында үч күндүк окуу-талаа машыгуулары (жыйындар) өткөрүлөт.

Окуу-талаа жыйындары үчүн коюлган баа, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча жыйынтыктоочу баа болуп эсептелет.

Автоматтан окуу-үйрөнүү ок атуу көнүгүсүн аткаруу, окутуунун аяктоо этабында, окуучулардын куралдардан ок атуунун ыкмаларын жана эрежелерин өздөштүргөндүгүн текшерүү максатында жүргүзүлөт.

Автоматтан окуу-үйрөнүү ок атуу көнүгүүсүн аткарууга, жаштарды аскерге  чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучунун) баасы боюнча ок атууга камданууну, ийинге алууну, мээлөөнү, атууну жүргүзүүнү жана токтотууну ишенимдүү өздөштүргөн, коопсуздук эрежелерин сактаган, көнүгүүнү аткаруунун шарттарын жана тартибин билген окуучуларга уруксат берилет.

**Автоматтан күжүрмөн октор менен ок атууларды жүргүзүү, аталган максатка ылайыкталып жабдылган ок атуу жайларында жана тирлерде, гарнизондун башчысы (аскер бөлүгүнүн командири, аскердик окуу жайдын башчысы) жана билим берүү бөлүмдөрү менен макулдашылып, аскер комиссариаттардын планы боюнча уюштурулат. Ок атууларды уюштуруу жана жүргүзүү тартиби Ок атуу куралдарынан ок атуунун курсунда аныкталган.**

Көнүгүүлөрдү аткарардын алдында ок атуулардын жетекчиси окуп-үйрөнүүчүлөрдүн коопсуздук эрежелерин, автоматтын материалдык бөлүктөрүн, ордунан кыймылсыз жана пайда болуучу буталарды атуу ыкмаларын жана эрежелерин билишин текшерет.

Материалдык бөлүктөрдү өздөштүрбөгөн, ок атуу ыкмаларына ээ болбогон, коопсуздук эрежелерин жана ок атуу көнүгүүлөрүнүн шарттарын билбеген окуп-үйрөнүүчүлөрдүн автоматтан күжүрмөн октор менен болгон атууларга катышуусуна **уруксат берилбейт**.

Сабактарды жогорку уюшкандыкта өткөрүүнү жана окуучуларга аскердик уставдардын талаптарын аткарууну адат кылууну камсыз кылуу максатында, билим берүү уюмунда анын жетекчисинин буйругу менен топтор жана бөлүмчөлөр түзүлөт. Окуп-үйрөнүүчүлөр ичинен окуу топторунун жана бөлүмчөлөрдүн командирлери дайындалат.

Окуп-үйрөнүүчүлөр сабактарга даярданып жана билим берүү уюмунда белгиленген формада кийинип келиши керек, чачы тыкан тегизделген, таралган болушу керек. Куралдуу Күчтөрдүн аскер кызматчыларынын кийим формасы жана айырмалоо белгилери (знаки различия) сыяктуу же аларга окшош кийим формасын жана айырмалоо белгилерин кийип жана тагынып жүрүүгө уруксат берилбейт.

## СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2009-жылдын 9-февралы, №43);
2. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Уставдары;
3. “Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо маселелери жөнүндө” КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-февралындагы №87 токтому;
4. Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинде дене тарбиялык даярдоо жана спорт боюнча нускамасы (2013–жылдын 29-июлу, №343).